ОшМУнун окумуштуулар Кеңешинин №___кезексиз жыйынынын 5-май 2020-жылдагы № ___ токтомуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жыл “Аймактарды өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылы” деп жарыялоо тууралуу Жарлыгын ар тараптуу ишке ашыруу максатында ОшМУда Каада салт, ырым-жырымдарды тартипке келтирүү менен куран окутуудагы ыксыз чыгымдарды кыскартуу жөнүндө

# Ж О Б О

## 1. ЖОБОНУН МАКСАТЫ

- Каада-салт, үрп-адат, ырым-жырымдарды кыскартуу жана диний саясаттын негизги багыттары жөнүндөгү тиешелүү иштерди алып баруу;
- Каада салт, ырым жырымдарды иретке келтирүү ашыкча чыгымдарды кыскартуу менен университеттин кызматкерлеринин жашоо турмушундагы экономикалык пайдубалын бекемдөө жана коомдук тартипти сактоо;
- Ырысапкорчулукка каршы күрөшүү, үй-бүлө баалуулуктары, балдарды коргоо жылына карата балага туура таалим-тарбия берүү, жамаатты ынтымакка жана биримдикке үндөө боюнча профбюролор жамаатка түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө чакыруу;
- Университеттин кызматкерлерин социалдык жактан муктаждыкка түрткөн ыксыз чыгымдарды, ысырапкерчиликтерди азайтуу;
- Кытайда жана башка кооптуу өлкөлөрдө респиратордук вирустук катуу инфекциялардын, анын ичинде коронавирустун жайылышынан улам түзүлгөн кооптуу абал турукташканга чейин эл көп топтолгон жайларда (театр, ресторан, кафе, ж.б.) маданий-массалык иш чараларды өткөрүү убактылуу токтотуу (анык эмес мөөнөткө чейин);
- ОшМУнун кызматкерлери өз үй-бүлөлөрүнүн мүчөлөрүнүн сырткы

контакттарына чектөө коюп, үй-бүлөдө өздүк гигиеналарды сактоосун камсыз кылуу;

- кыргыз элинин каада-салттарын социалдык шарттарга ылайык модернизациялоо;
- кыргыз элинин каада-салттарын сактоо;
- кыргыз элинин каада-салттарындагы ашыкча чыгымдарды кыскартуу;
- окуу жайдын кызматкерлерин ашыкча чыгымдарды сарптоосунан сактоо.

## 2. КУРАН ОКУТУУ КААДАСЫНА КЕТҮҮЧҮ ЧЫГЫМДАРГА ДИНДИК КӨЗ КАРАШ

Ислам done динде да ысырапкорчулукка ачык-айкын тыюу салынган. Маркумга куран окуткан адамга көңүл айтуу үчүн келгендерге жандык союп, тамак-аш даярдоо жана бейшембилик, жетилик, кырктык, жылдык өткөрүү жөрөлгөлөрү шариатта жок. Булардын баары салтташып калган адаттар. Пайгамбарыбыз Мухаммад *(саллаллааху алайхи ва саллам)* бир хадисинде маркумдун тажиясынан кийин үч күн аза күтүп, төртүнчү күндөн баштап ар ким өз тирилигин улантуусу айтылат.

## 3. КУРАН ОКУТУУ КААДАСЫНА КЕТҮҮЧҮ ЧЫГЫМДАР ЖАНА БУЛ ЖОБОНУ КОЛДОНУУНУН ЗАРЫЛЧЫЛЫГЫ

Кыргыз элинде каза болгон адамдын тажиясын өткөзүү бир топ материалдык чыгымдар менен коштолот. Ага ылайык ысырапкорчулукка каршы аракеттер ишке аша баштады. Ош областынын бардык райондорунда маркумду акыркы сапарга узатуу зыйнатында ыксыз ырым-жырымдарды колдонууга тыюу салынды. Жергиликтүү кеңештин депутаттары, аксакалдар жана райондук администрациянын жетекчилиги биргеликте атайын эреже иштеп чыгышты. Маркумду акыркы сапарга узатууда аза күткөн үйдө 3 күн мал жандык сойбоого, дасторкон жайып ысык тамак берүүгө тыюу салынды.

Ага ылайык, тажияда эки койдон ашык жандык союуга тыюу салынат. Мындан тышкары, үчилик, жетилик өткөрүлбөйт, ашында дагы эки койдон ашык союлбайт. Кийит жаап, жыртыш таратуу болбойт. Көз көрсөтүп келгендерге чай

берүү, жамандык чыккан үйгө союш алып баруу токтотулду. Аймакта атайын түзүлгөн комиссия бул эреженин аткарылышын көзөмөлдөп натыйжалуу иш алып барууда. Белгилей кетсек, бүгүнкү күндө аймактарда маркумду акыркы сапарга узатуу жогорудагы тартиптин негизинде жүзөгө ашырылып жатат.

Бирок маркумга байланыштуу каада-салт айыл жергесинде гана бүтүп калбастан ага улай Ош шаарында да куран окутуу каадасын өткөзүү үчүн болжолдуу 70 миң сомдон жогору акча каражатын сарптап келишүүдө. Бүгүнкү күндө бул мамлекеттик мекемеде иштеген адамдын бир жыл бою тапкан эмгек маянасын түзөт. Бир гана куран окутуу каадасына бир жылдык маянасын сарптап, окуу жай кызматкерлери жылдап социалдык көйгөйлөргө реалдуу кабылып келишүүдө. Албетте, бул көйгөйлөр өз кезегинде профессордук окутуучулук курамдын мүчөлөрүнүн чыгармачыл изденүүсүнө, педагогдук ишмердүүлүгүнө терс таасирин тийгизбей койбойт.

Бүгүнкү күнү жергебизде жана дүйнөдө COVID-19 жугуштуу илдети канатын жайып, улам дүрбөлөңгө салып, күчөп келүүдө.

Ага утурлай КРнын президентинин 2020-жылдын 24-мартындагы №56 “КРнын Ош облусунун, Ош шаарынын, Ноокат жана Кара-Суу райондорунун аймагындагы өзгөчө абал киргизүү жөнүндөгү” жарлыгы, КРнын ББжИМ №364/1 2020-жылдын 11-майындагы «Өзгөчө абал жана өзгөчө кырдаал режиминин шартында окуу процессин уюштуруунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатындагы” буйругу, Кыргыз Республикасынын Билим беруу жана илим министрлигинин 27.01.20 кунку №77/1 буйругу, Ош шаардык мэриясынын 06.03.20 күнкү №97/08-6 буйругу, ОшМУнун студенттери, окуучулары жана кызматкерлери арасында респиратордук вирустук катуу инфекциялардын алдын алуу, андан ары жайылышына жол бербее, өзгөчө кырдаалдарда ыкчам чараларды коруу максатындагы 09.03.2020 күнкү №12/337 буйругу, ОшМУга коронавирустун кируусун алдын алуу жана андан ары жайылышына жол бербөө, өзгөчө кырдаалдарда ыкчам чараларды көрүү максатындагы 18.03.20 күнкү №341 буйругу, ОшМУнун аймагындагы COVID-19 вирусунун жайылышына жол бербөө максатындагы 20.06.20 күнкү №12/469 буйруктарына ылайык профсоюз комитети жугуштуу вирустан оолак болуу

максатында жана университет кызматкерлерин ашыкча чыгымдардан арылтуу үчүн мындан ары куран окутуу каадасын эч кандай материалдык-финансылык каржы сарптоосуз өткөзүү зарылдыгы келип чыгууда.

## 4. КУРАН ОКУТУУДА ЫКСЫЗ ЧЫГЫМДАРДЫ АЗАЙТУУ МЕНЕН ЖОБОНУ ИШКЕ АШЫРУУ

Эгерде ОшМУнун кайсы бир кызматкеринин жакын тууганы (ата-энеси, бир туугандары ж.б.) каза болсо, маркумдун тажиясынан кийин Ош шаарына келип ресторан, кафелерде же үйүндө мал союп, дасторкон жасап куран окутуу каадасын өткөзүүнү университет жамааты туура эмес деп эсептейт (тыюу салынат) :

- ❖ ОшМУнун кайсы бир кызматкеринин жакын тууганы каза болсо маркумдун тажиясынан кийин Ош шаарындагы Алымбек датка тарыхый-этнографиялык эс алуу жайындагы “Ак ордо” улуттук кафесинде (болжол ОшМУнун башкы имаратынын артында жайгашкан) же башкы имаратта ресторан-кафеде эч кандай мал союп, дасторкон жасабастан куран окутуу каадасын өткөзө алат.
- ❖ ОшМУнун кызматкерлери үчүн куран окутуу каадасын “Ак ордо” улуттук кафесинде өткөзүүнүн ижара акысы 5000 (беш миң) сомду түзөт **же башка имаратта, ресторан-кафеде өткөзө алат.**
- ❖ Куран окутуу каадасын өткөзүү жумуш күндөрүнүн биринде окуу процесси аяктаган мезгилде- саат 15:00 дөн 18:00 гө чейинки убакытта уюштурулуусу зарыл;
- ❖ Куран окутканда дасторконго нан, боорсоктон башка эч кандай конфет, печенье ж.б. коюлбасын.
- ❖ Үчтүк, пайшамбилик, жетилик, жумалык жана кырктык өткөрүүгө тыюу салынсын.
- ❖ Баардык факультеттерге ыксыз чыгымдарды кыскартуу боюнча жыйындар өткөрүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.
- ❖ Бул жобонун аткарылышы боюнча ар бир факултеттердеги түзүлгөн комиссиялар профсоюз комитетине, профсоюз комитетиндеги түзүлгөн

комиссиялар окумуштуулар кеңешинде жана профсоюздун жыйындарында жасаган иштери боюнча отчет берип турушсун.

- ❖ Ушул резолюция окумуштуулар кеңешинин жыйынында талкууланып бекитилди.

***Куран окутуу каадасын уюштурууга жооптуулар:***

- ➢ ОшМУнун кызматкерлерине жана алардын жакындарына куран окутуу каадасын ушул жобонун талаптарына ылайык уюштуруу, тыюу салуу, координациялоо милдети жана укугу ОшМУнун профсоюз уюмдарына берилет;
- ➢ Куран окутуу каадасын уюштурууга маркумдун ОшМУда эмгектенген тууганынын кайрылуусу менен университеттин жана факультеттердеги профсоюз уюмдарынын кызматкерлери көмөктөшөт;
- ➢ Маркумдун туугандары куран окутуу каадасын өткөзүп жаткандыгы туурасындагы кабарды өзү эмгектенген факультеттин профсоюз уюмунун төрагасына билдирет. Ал окуу жайдын ар бир факультет, колледжинин профсоюз төрагалары кабарлайт;
- ➢ Факультет, колледждердин профсоюз төрагалары куран окутуу каадасы жөнүндө кабарды угаары менен дайыма өзүнүн жамаатына жарыялап турууга милдеттүү;
- ➢ Куран окутуу каадасына маркумдун университетте эмгектенбеген туугандарынын, тааныштарынын да келүүсүнө уруксат берилет жана аларга кабар берүү маркумдун тууганына тиешелүү;

***Жобону ишке ашырууда кезигүүчү өзгөчө жагдайлар***

- ➢ Эгер маркумдун ОшМУда жана башка Ош шаарындагы мекеме, ишканаларда эмгектенген бир нече туугандары болуп, алар ресторан-кафеде же үйүндө мал союп, дасторкон жасап куран окутуу каадасын уюштурушса, ага ОшМУнун структуралык жетекчилери, окутуучу-кызматкерлери көңүл айтып, бата кылуу үчүн гана баруусу сунушталат;
- ➢ Маркумдун ОшМУда эмгектенген тууганы тарабынан чыгымдарсыз уюштурулган куран окутуу каадасына анын Ош шаарындагы башка

мекеме, ишканаларда эмгектенген туугандарынын, кесиптештеринин да чакырылуусуна уруксат берилет;

- Куран окутуу каадасында маркумдун тууганына жамааттан (факультет, кафедра ж.б. структуралык бөлүмдүн мүчөлөрүнөн) акча жыйноого тыюу салынат, бирок жеке каттоосу (мамилеси) барларга уруксат берилет;

***Жобону кабыл алуу процедурасы***

- Жобо менен таанышуу үчүн анын долбоору ОшМУнун бардык кызматкерлерине деканат, кафедра аркылуу жеткирилди;
- ОшМУнун жамааты жобо менен таанышкан соң 2013-жылдын 8-13-апрель күндөрү, жаңыдан толукталып 2020-жылдын 15-июнь күнү ар бир кызматкер жобонун ишке ашуусуна “макул” же “каршы” экендигин билдирген баракчага кол койду;
- Жобону ишке ашырууга (2013-жылы жамааттын үчтөн эки бөлүгү 1021 адам) 2020-жылда толугу менен 2556 адам жазуу түрүндө макулдугун билдирип, жобонун долбоору ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешине биринчиси 2013-жылдын 1-июлундагы №8 жыйынына сунушталып, ал эми экинчи жолку толуктоолор менен 2020-жылдын 15-июнунда бекитилди жана 2020-жылдын 5-июлдан баштап жобонун талаптарын аткарууга университет кызматкерлери моралдык жооптуу болушту;

Ош шаарынын аймагында куран окутуу каадасында ашыкча чыгымдарды кыскартууну жайылтуу максатында бул жобонун долбоору шаардагы ЖОЖдорго, мекеме, ишканаларга сунуш кылынат.